# 2010-жылдын I-чейрегиндеги акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2010-жылдын 26-майындагы №36/1
токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

Отчеттук мезгил ичинде 2010-жылдын башталышында электроэнергиясына, ысык сууга жана жылуулук берүүгө тарифтердин жогорулашы, ошондой эле айрым азык-түлүк товарларынын кымбаттоосу инфляциялык басымдын өрчүшүнүн негизги факторунан болгон. Улуттук статистика комитетинин берген маалыматтары боюнча, инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү, кароого алынып жаткан жылдын баш жагынан тартып 4,8 пайызды түзгөн болсо, ал эми 2009-жылдын ушул эле мезгилинде 0,4 пайыз чегинде катталган эле. Жылдык мааниде алганда (2010-жылдын март айы 2009-жылдын мартына карата) инфляция 4,0 пайыз чегинде түптөлгөн.

Улуттук банк инфляциялык тобокелдиктердин сакталып турушуна байланыштуу өз ноталарынын эмиссиясынын көлөмүн оптималдуу деңгээлде кармап турган. Ноталарды сатуунун көлөмү 2009-жылдын 1-чейрегиндегиге салыштырганда 4,9 млрд. сомду түзүү менен 18,8 пайызга көбөйгөн. Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү отчеттук чейрек ичинде 1 млрд. сомго жакын деңгээлде болгон жана март айынын акырына карата 986,4 млн. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде ички банктар аралык валюта тооруктарында чет өлкө валютасына ички суроо-талаптын өсүшүнө байланыштуу, доллардын сомго карата алмашуу курсунун өсүш тенденциясы үстөмдүк кылып турган. Бүтүндөй алганда 2010-жылдын 1-чейреги ичинде АКШ долларынын сомго карата эсептик курсу 2,6 пайызга, 45,2203 сом/АКШ долларына чейин өскөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде 8,1 пайызга, 42,6295 сом/АКШ долларына чейин). Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын таза сатуусунун көлөмү 2010-жылдын биринчи чейрегинде 52,4 млн. АКШ долларын түзгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде таза сатуу 145,1 млн. АКШ долларын түзгөн).

Кароого алынып жаткан жылдын отчеттук чейреги ичинде Улуттук банктын эсептик чени 0,7 пайыздан 1,2 пайыздык чекке чейин өзгөрүп турган жана март айынын акырына карата 0,9 пайызды түзгөн.

Өтүп жаткан жылдын бүтүндөй 1-чейреги ичинде акча базасы 4,2 пайызга кыскарган (2009-жылдын 1-чейргинде 14,3 пайызга), бул Улуттук банктын валюта интервенциялары, ошондой эле Өнүктүрүү фондусунун операциялары менен шартталган. M2X кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы 2010-жылдын 1-чейреги ичинде 1,4 пайызга, 56,3 млрд. сомго чейин азайган. Кеңири мааниде колдонулуучу акчанын төмөндөөсүнө, банктардан тышкаркы акчалардын кыскаруусунун салымы 1,3 млрд. сомду же 3,9 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда депозиттердин[1], көбүнчө улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттердин эсебинен 0,5 млрд. сомго же 2,3 пайызга өсүшү белгиленген.

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча банк тутумунун негизги көрсөткүчтөрүнүн алгылыктуу өсүш тенденциясы катталган. Алсак, иштеп жаткан коммерциялык банктардын активдери 4,7 пайызга, капиталы 1,1 пайызга, алардын депозиттик базасы 9,9 пайызга, ал эми кредит портфели 3,2 пайызга көбөйгөн.

---

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттерин эске алуусуз

2009-жылдын биринчи чейрегиндеги экономиканын өсүш арымынын 1,3 пайызга кыскаруусуна салыштырганда, бүтүндөй алганда, иликтөөгө алынып жаткан чейрек ичинде экономикалык өсүш арымдын 16,4 пайызга чейинки олуттуу көбөйгөндүгү байкалган. Ошондой болсо да, жыл башындагы бул өсүштүн жогорку арымы эң оболу өткөн жылдагы «төмөнкү базанын» таасиринен улам келип чыккан. Кайра иштетүү өнөр жай өндүрүшүнүн жана курулуш ишинин артышы ИДПнын өсүшүнө орчундуу таасирин тийгизген.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын 1-чейрегинде төлөм теңдеминин сальдосу 26,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң түптөлсө (2009-жылдын биринчи чейрегинде 159,9 млн. АКШ доллар), анын ичинде күндөлүк операциялар эсеби 254,7 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс чыккан. Жеке адамдардын акчалай которуулары боюнча агылып кирүүлөр 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 19,2 пайызга артуу менен 191,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

***

Республикада апрель айынын башталышында болуп өткөн окуялар акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн шарттарына жана мүнөзүнө да олуттуу таасирин тийгизген. Мындай туруксуз жагдайдын түптөлүшү, банк тутумунан депозиттердин агылып чыгуусун шарттаган. Алсак, өтүп жаткан жылдын экинчи чейрегинин баш жагынан тартып (17-майга карата абал боюнча), депозиттик базанын төмөндөө арымы 33,4 пайызды түзгөн, көбүнчө мындай агылып чыгуу бир банкта («АзияУниверслБанк» ААКсында) байкалган. Алсак, 2010-жылдын 7-апрелинде банк тутумунан депозиттердин агылып чыгуусу 9,5 млрд. сомду, ал эми 8-апрелден 14-майга чейинки мезгил аралыгында 2,5 млрд. сомду түзгөн. 7 коммерциялык банкка убактылуу башкаруу режими киргизилген, бирок аларга карата чектөөлөр акырындап алынып салынган. Учурда, бул банктардын кардарларды тейлөөсү дээрлик толук көлөмдө жүзөгө ашырылууда.

Банк тутумунун өнүгүүсүнүн жалпы тенденциясын 2010-жылдын 7-8-апрелиндеги окуяларга чейинки жана андан кийинки эки мезгилге бөлүү менен банк тутумунун белгилүү бир мүмкүнчүлүктү топтоо тенденциясы жана кесепеттүү жагдайлардан чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн натыйжаларына баа берүү катары кароого болот.

Алсак, банк тутумунун чогуу алгандагы активдеринин өсүшү кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 4,7 пайыз чегинде катталса, ушул эле жылдын апрель айында алардын төмөндөөсү 20,8 пайызды түзгөн; ал эми жыл башынан тартып активдер 56 356 млн. сомду түзүү менен 17,1 пайызга төмөндөгөн. Банк тутумунун активдеринин өсүшү белгилүү бир деңгээлде коммерциялык банктардын кредит портфелинин өсүшүнө байланыштуу жүрөөрү күтүлүүдө.

2010-жылдын биринчи чейрегинде кардарларга кредиттер боюнча карыздардын калдыктарынын 3,2 пайыз деңгээлинде өсүшү белгиленсе, ушул эле жылдын апрель айы үчүн төмөндөө 1,6 пайызды түзгөн, ал эми бүтүндөй алганда 2010-жылдын 4 айы ичинде банк тутумунун кредит портфелинин 1,5 пайызга өсүшү катталган. Абсалюттук мааниде алганда, банк тутумунун кредит портфели 2010-жылдын 30-апрелине карата абал боюнча 25 596,7 млн. сомду түзгөн.

Кредит портфелинин сапатынын төмөндөөсү катталган, классификацияланган кредиттердин үлүшү 2010-жылдын 4 айы үчүн 8,2 пайыздан 9,4 пайызга чейин өскөн, пролонгацияланган кредиттердин өсүшү бул мезгил ичинде 25,8 пайыз чегинде катталган.

Учурда, Улуттук банк тарабынан кредиттөөнү кеңейтүү үчүн шарттарды түзүү максатында, 2010-жылдын апрель айында болуп өткөн окуялардан улам

ууручулук, талап-тоноочулук жана баш аламандыктын натыйжасында келтирилген зыяндардын ордун жабуу боюнча кечиктирилгис иш-чаралар планынын долбооруна карата, кредиттик ресурстардын наркын төмөндөтүү жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын ишин активдештирүү аркылуу каржылоонун көлөмүн көбөйтүү жагында иш-чаралар сунушталган.

2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча банк тутумунун жалпы депозиттик базасынын 9,9 пайызга көбөйүүсү белгиленген. Мындай өсүш резидент эместердин эсептериндеги каражаттардын 31,2 пайызга көбөйүүсү менен камсыз болгон, ошол эле учурда юридикалык жактардын депозиттери 31,8 пайызга, ал эми жеке адамдардыкы 0,1 пайызга кыскарган. 2010-жылдын 4 айы ичинде депозиттик база 24,7 пайызга кыскарган, анын ичинде резидент эместердин депозиттери 72,0 пайызга, юридикалык жактардын депозиттери 39,9 пайызга жана калктын аманаттары 7,2 пайызга төмөндөгөн. Улуттук банк тарабынан банк тутумундагы, анын ичинде убактылуу башкаруу режими киргизилген банктардагы жагдайды турукташтыруу боюнча көрүлүп жаткан чаралар, ошондой эле депозиттер системасын түзүү жана ишке киргизүү, калктын бүтүндөй банк тутумуна болгон ишенимин сактап калат жана депозиттердин белгилүү бир деңгээлде агылып кирүүсүн жана банк тутумунун ресурстук базасынын өсүшүн камсыз кылат.

2010-жылдын биринчи чейрегинде пайданын өсүшкө ык коюу тенденциясы белгиленген, пайданын өсүшү өткөн жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 11,7 пайызды түзгөн. Кароого алынып жаткан жылдын 4 айы ичинде пайда 456 млн. сом чегинде катталган булл, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги пайданын көлөмүнөн 13,0 пайызга төмөн. Буга ылайык, банк тутумунун активдерди жана капиталды (ROA, ROE) пайдалануу натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү да төмөндөгөн.

Кароого алынып жаткан жылдын төрт айынын жыйынтыгы боюнча банк тутумунун ликвиддүүлүк деңгээли жетишээрлик жогору бойдон сакталып калган жана 86,8 пайызды (30% нормативдик деңгээлге каршы) түзгөн.

Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктар менен 2010-жылдын акырына чейинки мезгил аралыгына алардын ишинин корректировкаланган пландарын жана алдыга болжолдоолорун талкуулоо жана жыйынтыктоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Коммерциялык банктардан тиешелүү маалыматтардын түшүүсүнө жараша, банк тутумунун өнүгүүсүнө тиешелүү болжолдоолор корректировкаланышы мүмкүн.

Коммерциялык банктардын орточо күндүк үстөк камдары апрель айында 1,9 млрд. сомго жана май айында 1,2 млрд. сомго (17-майга карата абал боюнча) төмөндөгөн. Мында, 17 майга карата абал боюнча милдеттүү камдарды аткаруунун өтүп жаткан базалык мезгили ичинде, 5 коммерциялык банкта ликвиддүүлүктүн жетишсиздиги 240 млн. сомго жакын өлчөмдө катталган. Ал эми апрель айында коммерциялык банктардын бири тарабынан милдеттүү камдардын ченемин бузууга жол берилген.

Саясий баш аламандыкка байланыштуу негизги макроэкономиикалык көрсөткүчтөрдүн начарлоосу күтүлүүдө. Алсак, биздин баа берүүлөрүбүз боюнча ИДПнын өсүшү 2009-жылдын акырындагы 5,0 пайыз баа берүүгө салыштырганда, 2010-жылы 2,0 пайызга жакынды түзүшү мүмкүн. Салыктык-бюджеттик чөйрөдө балансташпоонун олуттуу тобокелдиктери орун алуусу шексиз. Учурда мамлекеттик бюджет кайра каралууда жана экинчи чейректин акырына карата абал боюнча алдын-ала алынган маалыматтар боюнча бюджеттин тартыштыгы 1,3 млрд. сомду түзөт.

Мамлекеттик бюджеттин баланссташпагандыгынын күчөшүнө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан мамлекеттик карызды тейлөө мүмкүнчүлүгү жагында аныксыздыктын күч алып жатышына, банк секторунун функционалдык чөйрөсүндөгү олуттуу өзгөрүүлөргө байланыштуу, мамлекеттик баалуу кагаздарга суроо-талап төмөндөгөн, ал эми кирешелүүлүк дээрлик эки эсеге жогорулаган. Банк тутумундагы ликвидүүлүктүн учурдагы жагдайын жана потенциалдуу тобокелчиликти эске алуу менен Акча-кредиттик жөнгө салу комитети, Улуттук банктын ноталарынын эмиссиясынын ар жумалык көлөмүн 420 млн. сомдон 100 млн. сомго чейин кыскартуу чечимин кабыл алган, ошондой эле Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын индикативдүү көлөмүн май айынын акырына карата 124 млн. сом өлчөмүндө белгилеген. Ошентип, ноталардын жүгүртүүдөгү көлөмү март айынын акырына карата 986,4 млн. сомдон 18-майга карата 170,6 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

Акча базасы эң оболу Улуттук банктын валюта интервенцияларына байланыштуу, жыл башынан тартып 4,1 пайызга кыскаруу менен 18-майга карата абал боюнча 39,4 млрд.сомду түзгөн. Банктар аралык валюта тооруктарында Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуусунун көлөмү жыл башынан тартып 111,1 млн. АКШ долларын түзгөн (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде 152,6 млн. АКШ доллары). АКШ долларынын эсептик курсу жыл башынан тартып 3,9 пайызга (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде 9,6 пайыз) өскөн.

## Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда республикада баалардын жалпы деңгээлинин жогорулоосу байкалган. Улуттук статистика комитетинин маалыматтары боюнча баалардын жалпы деңгээлинин өсүшү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнүн 0,4 пайызга өсүшүнө каршы, 2010-жылдын башталышынан тартып 4,8 пайызды түзгөн.

2010-жылдын баш жагынан тартып электр жана жылуулук энергиясына тарифтердин жогорулоосу, ошондой эле сезондук факторлордон улам (мисалы, жемиштер жана жашылчалар) сыяктуу эле, дүйнөлүк рынокто баалардын өсүшүнүн (кантка) таасиринен улам, айрым азык-түлүк товарларынын кымбаттоосу баалардын мына ушундай динамикасынын түптөлүшүнө себеп болгон.

**1-таблица. Кыргыз Республикасында керектөө бааларынын индекси**

| | 2010-ж. март айы | | | 2010 -ж январь-март айлары |
|---|---|---|---|---|
| | 2010-ж. февраль айына карата | 2009-ж. март айына карата | 2009-ж. декабрь айына карата | 2009-ж. январь-март айларына карата |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр,** анын ичинде | **101,1** | **104,3** | **104,8** | **102,6** |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз ичимдиктер | 101,5 | 100,0 | **105,2** | 97,2 |
| Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки заттары | 100,4 | 105,0 | 100,7 | 105,1 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 100,6 | 112,4 | 106,3 | 111,7 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 100,8 | 103,6 | 102,0 | 103,1 |

Отчеттук мезгил ичинде нан азыктарына жана тарууга баалардын төмөндөөсү (-9,8 пайызга) байкалган. Буудайдын мурдагыдан калган арбын калдыгы, ошондой эле өткөн жылда буудайдын түшүмүн жогору баалоо (1,0 млн. тоннага жакын), нан азыктарына карата баалардан белгиленген динамикасынын негизги факторлорунун бири болгон. 2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча эт азыктары 3,2 пайызгы кымбаттаган. Ал эми импорттолуучу продукцияга баалардын жогорулоосу, этке карата баанын өсүшүнүн негизги факторунан болгон.

2010-жылдын январь айы ичинде жана февраль айынын биринчи жарымында кантка карата дүйнөлүк баа өсүшүн уланткан. Кароого алынып жаткан жылдын февраль айынын экинчи жарымынан тартып жана март айында канттын наркынын кескин түшүүсү жүргөн, жана бүтүндөй 2010-жылдын башталышынан тартып кант дүйнөлүк рынокто 30,1 пайызга арзандаган. Бүтүндөй алганда, иликтенүүгө алынып жаткан чейрек ичинде кантка баанын өсүшү республика боюнча жылдык мааниде алганда 55,8 пайыз чегинде катталган. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын-ала берген маалыматтары боюнча ташылып келинүүчү кантка карата орточо баа өтүп жаткан жылдын биринчи чейрегинде тоннасына 797 АКШ долларын түзгөн (2009-жылдын төртүнчү чейрегине карата +27,5 пайыз).

Алкоголдук жана тамеки продукцияларына баалар жылдык мааниде, тиешелүүлүгүнө жараша 7,0 жана 1,0 пайызга өскөн.

Азык-түлүктөн башка товарларга керектөө бааларынын индексинин 12 айлык өсүшү 12,4 пайыз чегинде түптөлгөн, алардын ичинде турак-жай кызмат көрсөтүүлөрүнө да баалардын өсүшү катталган ал, бир жыл ичинде 24,1 пайызга кымбаттаган. Электроэнергиясына (+111,8 пайыз), ысык сууга (+178,9 пайыз) жана борбордук жылуулук берүүгө (+98,2 пайыз) тарифтердин жогорулоосу товарлардын ошол тобу боюнча баа динамикасына белгилүү деңгээлде таасирин тийгизген. Ошондой эле, үй тиричилик буюмдарына жана тиричилик техникаларына да баанын өсүшү белгиленген ал, 7,5 пайызды түзгөн. Бааларына импорттук баалар үстөмдүк кылган тиричилик текстиль буюмдарынын 25,1 пайызга кымбаттоосу мына ушундай динамиканын түптөлүшүнүн негизги себебинен болгон. Ошондой болсо да, 2010-жылдын биринчи чейрегинде импорттук продукцияга баа төмөндөөсүн уланткан, бул ички рынокто да баалардын турукташуусуна өбөлгө түзгөн.

Мунайга дүйнөлүк баанын төмөндөөгө ык койгон трендинин жогорулоо жагына алмашуусу, республикага импорттолгон КММнын наркына басым жасаган. Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча КММга баанын өсүшүнүн тездеши уланган. Алсак, бензинге баа жылдык мааниде 43,9 пайызга, ал эми дизель отунуна 9,5 пайызга өскөн. Ошондой болсо да, бүтүндөй отчеттук чейрек ичинде КММнын наркы ички рынокто 1,8 пайызга төмөндөгөн, анын ичинде бензин 2,9 пайызга арзандаган, ал эми дизель отуну 4,6 пайызга кымбаттаган.

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси 2010-жылдын биринчи чейрегинде жылдык өлчөөдө 3,6 пайызга (2009-жылдын биринчи чейрегинде 29,8 пайызга) өскөн. Бул топ боюнча индекстин өсүшү эң оболу, саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнүн кымбаттоосунун (+27,5 пайызга) эсебинен жүргөн. Саламаттыкты сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын жогорулоосу электрэнергиясына тарифтердин жогорулоосу жана импортук дары-дармектердин кымбаттосуна байланыштуу жүргөн.

## Акча-кредиттик көрсөткүчөрдүн динамикасы

Акча базасы 2010-жылдын март айынын акырына карата 39 355,2 млн. сомду түзүү менен (2009-жылдын ушул эле мезгилинде кыскаруу 14,3 пайызды түзгөн) ушул эле жылдын баш жагынан тартып 4,2 пайызга төмөндөгөн, ал эми жылдык мааниде 32,9 пайызга көбөйгөн.

М2 акча базасы 2010-жылдын март айынын акырына карата 42 767,4 млн. сомду түзүү менен 2010-жылдын башталышына салыштырганда, улуттук валютадагы депозиттердин 6,2 пайызга көбөйүүсү учурунда банктардан тышкаркы акчалардын 3,9 пайызга азаюусунун эсебинен 1,7 пайызга кыскарган. М2 акча массасы жыл ичинде (2010-жылдын март айы 2009-жылдын март айына карата) 35,7 пайызга көбөйгөн.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди[2] камтыган М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы жыл башынан тартып 1,4 пайызга кыскаруу менен (2009-жылдын тиешелүү мезгилинде кыскаруу 15,1 пайызды түзгөн) отчеттук мезгилдин акырына карата 56 333,4 млн. сомду түзгөн. М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмүнүн кыскаруусу отчеттук мезгилде кеңири акча массасына кирген депозиттердин жалпы көлөмүнүн 2,3 пайызга көбөйүшү шартында, банктардан тышкаркы акчалардын 3,9 пайызга азаюусунун, анын ичинде чет өлкө валютасындагы депозиттердин 0,5 пайызга кыскаруусу шартында улуттук валютадагы депозиттердин 6,2 пайызга көбөйүүсүнүн таасири астында жүргөн. Жылдык мааниде алганда (2010-жылдын март айы 2009-жылдын март айына карата) М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалар 37,0 пайызга көбөйгөн.

Өзүнө чет өлкө валютасын камтыган М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчалардын жүгүртүү тездиги жыл башынан тартып өзгөрүүсүз калган жана отчеттук мезгилдин акырына карата 4,2 түзгөн.

## Реалдуу сектор

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде ИДПнын көлөмү 2009-жылдагы январь-март айларындагы көлөмүнө салыштырганда реалдуу мааниде 16,4 пайызга көбөйүү менен 38 803,2 млн. сомду түзгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде төмөндөө 1,3 пайызды түзгөн). Экономиканын мындай өсүш арымы негизинен, өтүп жаткан жылдын биринчи чейрегинде алтынды арбын казып алуу (ИДПнын өсүшүнүн 45 пайызга жакын олуттуу өсүшү «Кумтөр» кен казып алуучу жайда алтын казып алуунун көлөмүнүн көбөйүүсү менен камсыз болгон), ошондой эле өткөн жылда өнөр жайдагы түшүүлөрдөн жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндөгү («төмөнкү базанын» натыйжасы) жалпы басаңдоодон улам келип чыккан экономиканын өсүш арымынын төмөн болушу менен шартталган. «Кумтөр» алтын-кенин иштетүүчү ишканаларды эске албаганда, ИДПнын реалдуу өсүшү 2009-жылдын январь-март айларындагы -0,5 пайызга салыштырганда, 9,2 пайыз чегинде катталган.

---

[2] Банк тутумунун аналитикалык маалыматтары боюнча өзүнө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелердин депозиттерин камтыйт, мында Өкмөттүн депозиттери жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

2-таблица. 2010-жылдын биринчи чейрегинде иштин айрым түрлөрүнүн ИДПнын өсүшүнө/төмөндөөсүно кошкон салымы

| | 2009-ж I чейрег. салыш. салмагы | 2010-ж I чейрег. салыш. салмагы | 2009-ж I чейрег. өсүш арымы | 2010-ж I чейрег. өсүш арымы | 2009-ж I чейрег. өсүшкө салымы | 2009-ж I чейрег. дефлятордун өзгөрүүсү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы | 12,5 | 10,5 | 1,8 | 2,4 | 0,3 | -1,4 |
| Тоо-кен өнөр жайы | 0,6 | 0,5 | 10,6 | -5,1 | 0,0 | 5,1 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 11,1 | 20,7 | -18,8 | 104,7 | 11,6 | 10,3 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,0 | 4,3 | -22,3 | 16,5 | 0,5 | 49,5 |
| Курулуш | 2,9 | 3,4 | -15,6 | 35,1 | 1,0 | 5,7 |
| Сода; автомобилдерди оңдоо | 19,2 | 16,5 | 4,2 | 0,9 | 0,2 | 2,7 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,6 | 1,3 | 4,5 | 2,4 | 0,0 | 0,4 |
| Транспорт жана байланыш | 13,0 | 12,3 | 12,9 | 4,9 | 0,6 | 8,4 |
| Жана башкалар | 22,7 | 18,2 | 2,7 | -0,3 | -0,1 | -3,5 |
| Азык-түлүккө таза салыктар | 13,5 | 12,3 | -1,3 | 16,4 | 2,2 | -5,5 |
| **ИДП** | **100,0** | **100,0** | **-1,3** | **16,4** | **16,4** | **3,5** |

*УСКнын булагы, Улуттук банктын эсептөөлөрү*

Өндүрүштөгү негизги өсүш кайра иштетүү өнөр жайына туура келет. Мында, өндүрүштөгү олуттуу өсүш алтын казып алуу менен байланышпаган азык-түлүктөрдү даярдап чыгаруу сыяктуу эле, текстиль жана тигүү өндүрүшүндө, ошондой эле башка металл эмес минералдык продуктуларцияларын жасап чыгаруу (тилкелүү шиферлер, кум кирпичтер, цемент, жерге төшөлүүчү материалдар) тармагында да белгиленген.

Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында да өндүрүштүн байкаларлык артышы катталган. Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча бул тармактын продукция чыгаруусу 2009-жылдын январь-март айларындагы 23,3 пайызга төмөндөөгө салыштырганда, 16,5 пайызга өскөн.

Экономикада инвестициялык иштердин өсүш тенденциясы сакталып калган. Отчеттук мезгил ичинде негизги капиталган инвестициялардын көлөмү 19,8 пайызга өсүү менен 4 699,5 млн. сомду түзгөн. Негизги капиталга инвестициялардын жалпы көлөмүнүн түзүмүндө үлүшү 18,8 пайызды ээлеген. гидроэнергетика объекттеринде инвестициялардын көлөмүнүн олуттуу өсүшү, мындай өсүштүн негизги себептеринин бири болгон. Транспорт жана байланыш тармактарына инвестициялар да көбөйгөн, жалпы көлөмдө алардын үлүшү 20,5 пайызга өскөн. Негизги капиталга инвестициялардын көлөмү каржылоонун ички булактарынын эсебинен, эң оболу, салыштырма салмагы 41,2 пайызды түзгөн калктын каражаттарынын жана банктардын кредиттеринин эсебинен 19,3 пайызга (анын ичинде, Өнүктүрүү фондунун каражаттары) өскөн.

## Тышкы экономикалык сектор

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансынын тартыштыгы 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги таза экспорттун көрсөткүчүнө салыштырганда 46,5 пайызга кыскаруу менен 2010-жылдын биринчи чейрегинин жыйынтыгы боюнча 156,4 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тышкы соода жүгүртүү 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги товар жүгүртүүдөн 26,2 пайызга артуу менен кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 1 124,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Товар жүгүртүүнүн өсүшүнө негизги салым отчеттук мезгил ичинде көлөмү 184,8 млн. АКШ долларына (61,7 пайызга) өскөн экспорттук операциялар менен камсыз болгон, ошол эле учурда, ФОБ баасындагы импорт 49,1 млн. АКШ долларына (8,3 пайызга) көбөйгөн. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 526,2 млн. АКШ долларын түзүү менен 11,3 пайызга, ал эми алыскы чет өлкөлөр менен 598,6 млн. АКШ долларын түзүү менен 43,2 пайызга өскөн.

Товарлардын экспорту (ФОБ баасындагы)[3] 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги 299,4 млн. АКШ долларына салыштырганда, 2010-жылдын биринчи чейрегинде 484,2 млн. АКШ долларын түзгөн. Экспорттук операциялардын көбөйүүсү товарларды эки эседен көбүрөөккө же 182,4 млн АКШ долларына алыскы чет өлкөлөргө берүүнүн эсебинен жүргөн, ушуну менен катар эле КМШ өлкөлөрүнө экспорттун көлөмү анчалык олуттуу эмес - 1,7 пайызга же 2,4 млн. АКШ долларына өскөн.

ФОБ баасындагы товарлардын импорту 2009-жылдын биринчи чейрегиндеги 591,5 млн. АКШ долларына салыштырганда, кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 640,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Импорттун наркынын өсүшү КМШ өлкөлөрүнөн товарлардын түшүүлөрүнүн 15,3 пайызга же 50,9 млн. АКШ долларына көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн, ошол эле учурда алыскы чет өлкөлөрдөн импорт 0,7 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына кыскарган.

Жеке адамдардын акчалай которуулары боюнча валюталык түшүүлөрү «күндөлүк трансферттер» статьясынын негизги түзүүчүлөрүнөн болгон. Алсак, алдын ал алынган маалыматтар боюнча 2010-жылдын биринчи чейреги ичинде жеке адамдардын акчалай которуулары боюнча агылып кирүүлөр 2009-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 19,2 пайызга артуу менен 191,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Мында, мурдагыдай эле, акча каражаттарынын агылып кирүүлөрүнүн басымдуу көлөмү (90%) эмгек мигранттарынын негизги саны топтолгон КМШ өлкөлөрүнө туура келген.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча сомдун номиналдуу эффективдүү алмашуу курсунун (НЭАК) индекси жыл башынан тартып 1,8 пайызга төмөндөгөн жана 2010-жылдын март айынын акырына карата 122,1 түзгөн. Мындай төмөндөө негизги соода өнөктөштөрдүн валюталарынын сомго карата бекемделиши менен шартталган. Алсак, орус рублинин орточо курсу 2009-жылдын декабрь айындагы анын орточо курсуна салыштырганда, кароого алынып жаткан жылдын март айында сомго карата 2,2 пайызга, казак тенгесине карата 3,1 пайызга, кытай юанине карата 2,0 пайызга, АКШ долларына карата 1,9 пайызга өскөн. Мында, евронун сомго карата баасынын 6,1 пайызга түшүүсү байкалган.

Сомдун реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун (РЭАК) индекси кароого алынып жаткан жылдын март айында 104,1 түзгөн. РЭАК индексинин өсүшү көбүнчө, негизги соода өнөктөш өлкөлөрүндө инфляция деңгээлинин кыйла төмөн болушу менен шартталган. Алсак, Кыргыз Республикасында инфляциянын деңгээли 2010-жылдын январь-март айлары ичинде 4,8 пайызды түзгөн, ал эми ошол эле учурда негизги соода өнөктөш өлкөлөрдүн тиешелүү көрсөткүчү алдын ала эсептөөлөр боюнча 1,9 пайыз чегинде катталган.

[3] Улуттук банктын кошмча баалоолорун эске алуу менен КР УСКнын жана МБКнын маалыматтары боюнча

## 3-таблица. Эффективдүү алмашуу курсу боюнча негизги көрсөткүчтөр

| | жылы *(орточо)* | | | | мезгили *(орточо)* | | | | ай жыл башына карата *(айдын акырына карата)* | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2008 (ор.) | 2009 (ор.) | % | | янв.-мар 2009 (ор) | янв.-мар 2010 (ор.) * | % | | Декабрь 2009 | Март 2010 * | % | |
| РЭАК | 104,5 | 109,6 | 4,9 | ↑ | 119,0 | 104,1 | -12,5 | ↓ | 103,0 | 104,1 | 1,1 | ↑ |
| НЭАК | 127,4 | 130,2 | 2,2 | ↑ | 138,6 | 123,3 | -11,1 | ↓ | 124,2 | 122,1 | -1,8 | ↓ |
| РЭТАК кытай юанына карата | 162,6 | 146,8 | -9,7 | ↓ | 154,7 | 142,0 | -8,2 | ↓ | 141,0 | 142,2 | 0,8 | ↑ |
| НЭТАК кытай юанына карата | 109,7 | 91,8 | -16,3 | ↓ | 96,3 | 88,3 | -8,3 | ↓ | 89,4 | 87,7 | -1,9 | ↓ |
| РЭТАК еврого карата | 125,8 | 119,8 | -4,8 | ↓ | 135,0 | 120,9 | -10,4 | ↓ | 109,4 | 123,6 | 13,0 | ↑ |
| НЭТАК еврого карата | 82,0 | 73,9 | -9,9 | ↓ | 82,4 | 71,5 | -13,2 | ↓ | 67,9 | 72,4 | 6,5 | ↑ |
| РЭТАК каз. тенгесине карата | 104,5 | 109,6 | 4,9 | ↑ | 119,0 | 104,1 | -12,5 | ↓ | 103,0 | 104,1 | 1,1 | ↑ |
| НЭТАК каз. тенгесине карата | 110,6 | 115,3 | 4,3 | ↑ | 113,5 | 111,3 | -1,9 | ↓ | 113,6 | 110,2 | -3,0 | ↓ |
| РЭТАК орус рублине карата | 74,9 | 78,4 | 4,8 | ↑ | 90,8 | 70,3 | -22,6 | ↓ | 70,1 | 69,7 | -0,6 | ↓ |
| НЭТАК орус рублине карата | 115,0 | 125,7 | 9,3 | ↑ | 140,9 | 113,8 | -19,2 | ↓ | 114,5 | 112,0 | -2,2 | ↓ |
| РЭТАК АКШ долларына карата | 184,4 | 167,6 | -9,1 | ↓ | 179,0 | 164,9 | -7,9 | ↓ | 162,4 | 165,7 | 2,0 | ↑ |
| НЭТАК АКШ долларына карата | 130,6 | 111,3 | -14,8 | ↓ | 116,6 | 107,1 | -8,2 | ↓ | 108,4 | 106,4 | -1,9 | ↓ |

* алдын ала алынган маалыматтар

↓ - *сомдун баасынын түшүүсү, атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жакшыруусу*

↑ - *сомдук бекемделүүсү атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосу*

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын маалыматтары боюнча мамлекеттик бюджеттин профицити кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде 1,1 млрд. сомду же ИДПга карата 2,8 пайызды түзгөн (2009-жылдын биринчи чейрегинде бюджет ИДПга карата 1,1 пайыз өлчөмүндө тартыштык менен аткарылган).

Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейрегинде мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерден жалпы кирешелери 13,9 млрд, сом же ИДПга карата 35,8 пайыз чегинде катталган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде өсүш арым 2009-жылдын биирнчи чейрегиндеги 8,4 пайызга салыштырганда, 41,9 пайызды түзүү менен көбөйгөн, бул бүтүндөй алганда акыркы беш жыл ичинде түптөлгөн орточо жылдык деңгээлден жогору.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 2010-жылдын биринчи чейрегинде 29,7 пайызга же 2,8 млрд. сомго көбөйүү менен 12,0 млрд. сомду түзгөн.

Отчеттук мезгилде бюджеттик чыгашаларды функционалдык класссификациялоого ылайык, төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын артышы байкалган: социалдык коргоого (2,3 эсеге), экономикалык маселелерге (71,7 пайызга), турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрүнө (62,3 пайызга). Социалдык коргоого чыгашалардын кескин көбөйүүсү 2010-жылдын баш жагынан тартып, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана электрэнергиясына тарифтердин жогорулоосунан улам, калктын кыйла начар жашаган катмарына компенсацияларды төлөп берүүлөргө байланыштуу болгон.

Мамлекеттик бюджеттин чыгашалары төмөнкү топтор боюнча кыскарган: саламаттыкты сактоого (4,2 пайызга), эс алууга, маданий жана диний иш-чараларга (3,1 пайызга) жана жалпы дайындоодогу мамлекеттик кызматка (7,6 пайызга).

Отчеттук мезгил ичинде финансылык эмес активдерди сатып алуу жагындагы (негизги фондулар, запастар жана жер сыяктуу топтор боюнча

операцияларды камтыган) операциялар боюнча бюджеттик каражаттардын таза агылып чыгуусу 792, 8 млн. сомду же ИДПга карата 2,0 пайызды (2009-жылдын биринчи чейрегинде 885,1 млн. сомду же ИДПга карата 2,7 пайызды) түзгөн.

## Финансы сектору

### Банк тутутуму

Кароого алынып жаткан жылдын 31-мартына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында 22 коммерциялык банк жана коммерциялык банктардын 241 филиалы (Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) иш алып барган.

Отчеттук мезгил ичинде банктар 416,2 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алышкан, мында 21 банк мекемеси 419,1 млн. сом өлчөмүндө алгылыктуу финансылык натыйжага ээ болгон, ал эми 1 коммерциялык банк отчеттук мезгилде 2,9 млн. сом өлчөмүндө чыгым тарткан. 2009-жылдын тиешелүү мезгилинде 22 коммерциялык банк иш алып барган жана алардын иш жыйынтыгы боюнча пайдасы 372,5 млн. сомду түзгөн. Коммерциялык банктардын активдери отчеттук мезгил ичинде 4,7 пайызга көбөйгөн, ал эми капиталы 1,1 пайызга өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде иштеп турган коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүшкө ык койгон тенденциясы сакталып калган. Кароого алынып жаткан жылдын январь-март айларында депозиттердин көлөмү 43,5 млрд. сомду түзүү менен 9,9 пайызга өскөн. Улуттук валютадагы депозиттердин өсүшү 16,0 млрд. сомго чейин 8,0 пайызды, чет өлкө валютасындагы депозиттер, 11,0 пайызды 27,5 млрд. сомго чейинкини түзгөн. Депозиттик базаны долларлаштыруунун деңгээли жыл башына салыштырганда 63,2 пайызды түзүү менен 0,6 п.п. өскөн.

2010-жылдын биринчи чейрегинде банк сектору тарабынан реалдуу секторду кредиттөөнүн көбөйүүсү, ошондой эле кредиттердин наркынын төмөндөөсү байкалган. Кароого алынып жаткан жылдын январь-март айларында иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфели 3,2 пайызга, 26,0 млрд. сомго чейин көбөйгөн (сомдун курсунун өзгөрүүсүнүн таасирисиз[4] кредит портфели 1,7 пайызга көбөйгөн). Улуттук валютадагы кредиттердин өсүшү март айынын акырында 10,7 млрд. сом маанисине жетүү менен 12,0 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда, чет өлкө валютасындагы кредиттер бир аз азаюу менен (0,1 пайызга) 15,3 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен жыл башынан тартып 0,8 п.п төмөндөө менен март айынын акырына карата 24,6 пайызды, ал эми чет өлкө валютасында 0,3 п.п. төмөндөө менен 20,3 пайызды түзгөн.

### Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелер

Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелер тутуму кароого алынып жаткан жылдын март айынын акырына карата 954 банктык эмес финансы -кредит мекемелеринен турат (2009-жылдын март айынын акырына карата алардын саны 1 104 болгон);

- Финансы компаниясы-1;

[4] АКШ долларынын жыл башына карата эсептик курсу

- «Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фонду» ЖАКсы -1;
- «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы -1;
- микрофинансылык уюмдар - 366;
- кредиттик союздар - 230;
- алмашуу бюролору - 355.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин[5] кредит портфели[6] отчеттук мезгилдин акырына карата 8 783,1 млн. сомду, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 7 392,7 млн. сомду түзгөн.

**Башка финансы мекемелери[7]**

Үч фондулук биржанын тоорук аянттарында өткөрүлгөн тооруктардын жалпы көлөмү 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 72,4 пайызга кыскаруу менен 2010-жылдын март айынын акырына карата 439,1 млн. сомду түзгөн. Тооруктардын көлөмүнүн басаңдоосу бардык тоорук өткөрүлүүчү аянттарда белгиленген. «Кыргыз Фондулук биржасы» ЖАКтын тоорук аянтында бүтүмдөрдүн көлөмү 93,1 пайызга, 73,4 млн. сомго чейин, «Борбордук -Азия фондулук биржасы» ЖАКтыкы 17,8 пайызга, 362,6 млн. сомго чейин кыскарган, ал эми «Кыргызстан-БТС фондулук биржасы» ЖАКтын тоорук аянтчасындагы биржалык тооруктардын көлөмү 96,1 пайызга, 3,1 млн. сомго чейин кыскарган. Тооруктар көлөмүнүн түзүмүндөгү бүтүмдөрдүн негизги көлөмү, мурдагыдай эле «КФБ» ЖАКка (45,2 пайыз) туура келген.

2009-жылдын акырына карата абал боюнча баалуу кагаздар рыногунда 5 акционердик инвестициялык фондулар, ошондой эле финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодо үлүшү бир аз эле бойдон калган 2 пайлык инвестициялык фонд иштеп турган.

Кароого алынып жаткан жылдын январь айынын акырына карата республиканын рыногунда 19 камсыздандыруу компаниясы, алардын ичинде 2 кайра камсыздандыруучу компания, ошондой эле резидент эместердин катышуусу менен 7 компания камсыздандыруу ишин жүзөгө ашырышкан. Камсыздандыруу уюмдарынын чогуу алгандагы активдери 2009-жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 44,9 пайызга көбөйүү менен 2010-жылдын январь айынын акырына карата абал боюнча 875,6 млн. сомду түзгөн, ошондой эле өздүк капитал да 722,6 млн. сомду түзүү менен 35,6 пайызга көбөйгөн.

Кыргыз Республикасында 2009-жылдын акырына карата абал боюнча төмөнкүдөй 2 мамлекеттик эмес пенсиялык фонд иштеп турган: «Кыргызстан» МПФ жана «Жаңы Азия» МПФ (2009-жылдын 26-майында лицензия алышкан жана азырынча иштеше элек). «Кыргызстан» МПФсынын активдеринин өлчөмү 2009-жылдын акырына карата абал боюнча 10,4 пайызга көбөйүү менен 17,3 млн. сомду, ал эми ыктыярдуу пенсиялык камсыздоо келишимин түзгөн анын катышуучуларынын саны 2 344 адам чегинде катталган. түзгөн (алардын ичинен 493 адам пенсия алышат), бул 2008-жылдын акырына карата абалга караганда 2,5 пайызга көп.

---

[5] Маалыматтар Финансы компаниясын, БРАФты эске алуусуз берилген (анткени Финансы компаниясынын кредиттери кредиттик союз тарабынан, ал эми БРАФтыкы коммерциялык банктар тарабынан берилген).

[6] МФУлардын жана ломбарддардын отчеттору жарым жылдык негизде берилет.

[7] Мурдараак өткөн мезгилге шилтемелердин келтирилиши, 2010-жылдын биринчи чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.